**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Кыргыз–Түрк институтунун "Недим Эркол" атындагы китепкананын 2021 – 2022 окуу жылдык**

**ОТЧЕТУ**

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин китепканасынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын "Китепкана иши жөнүндөгү" мыйзамына, "Китепкананы пайдалануу эрежелерине" жана коллективдүү келишимине ылайык жүргүзүлөт.

Окуу жайда билим алып жаткан адистердин билим сапатын жогорулатуу максатында борбордук китепкананын курамындагы Эл аралык Кыргыз–Түрк институтунун Недим Эркол атындагы китепканасы да өз салымын кошуп келүүдө. Окуу жараянында китепкандагы окуу куралдарын колдонуу менен студенттер өтүлгөн сабактары боюнча маалымат алууга жана үйгө берилген тапшырмаларын толугу менен аткара алуусуна кеңири шарт, мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

2021–2022 окуу жылына карата китепкананын алдында төмөндөгү аткарылуучу милдеттер турат:

- билим берүү проңессинин катышуучуларын кызматын сапаттуу камсыз кылуу,
- студенттерге билим берүү процессинде китепкананын ролун күчөтүү, жардам берүү
- толук кандуу, социалдык активдүү инсанды калыптандыруу, билим берүү, патриоттуулукка үндөө.

Жаңы окуу жылы үчүн түзүлгөн иш–пландарга ылайык, 1–курстун студенттерине китепкананын эрежелерин, окуу залда озүн алып жүрүүсү, алардын милдеттери жана китепкананы пайдалануу жөнүндө тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.


ENDÜSTRİYEL
İŞÇİ
KOOPERATİFLERİ
(Kuramı ve Sosyal Politikası)
Prof. Dr. H. Sami GÜVEN
GEYİK AVI
TÖRÜKLER
FARABİ
FELSEFESİ
TÜRK
KÜLTÜRÜNDE
LOKMAN HEKİM
ATSIZ
TÜRK
ÜLKÜSÜ



Ушул эле пландын негизинде төмөнкү иштер аткарылды:

- Алфавиттик негизде китептерди толуктоо, аларга код коюу жана аларды ирети менен компьютерге түшүрүү,
- Китептерди өз убагында тапшырбаган студенттер менен өз алдынча иштөө,
- Мезгил–мезгили менен китептерди оңдоп–түзөө,
- Университет тарабынан уюштурулган көргөзмө, кечелерге активдүү катышуу.

Китептерди оңдоп–түзөө учурунда менеджмент багытындагы жана даярдоо курсу үчүн арналган китептерге басым жасалып, жалпысынан 63 даана китеп желимделип, скотчтолду.

Ал эми китептерди өз убагында алып келбеген 8 студентке китепкана эрежелерин эске салып аларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Биринчи жарым окуу жылынын аягында студенттерге жана окутуучуларга берилген китептер жыйналып алынды.

Китепканачы: ________ Назарова Г.